***DOI:10.26104/NNTIK.2023.28.93.075***

***Султанова А.А.***

# ЧОҢ-АЛАЙ КОГНИТИВДИК ТОПОНИМИЯСЫ

***Султанова А.А.***

# ЧОН-АЛАЙСКАЯ КОГНИТИВНАЯ ТОПОНИМИЯ

***A. Sultanova***

# THE CHON-ALAY COGNITIVE TOPONYMY

*УДК: 411.412 12*

*Бул макалада изилдөөчү топонимдердин лингвоконцептуалдык негиздеги илимий онтологиялык мазмунун ар тараптуу терен изилдөө менен биргеликте улуттук ан-сезимдин элдин тили менен эриш-аркак өнүгө тургандыгына токтолгон. Бир эле мезгилде топонимдер аркылуу тилди алып жүрүүчү элдин дүйнө кабылдоосу айкын чагылдырылып, ар бир чөлкөмдүн лингвистикалык картинасы улуттук ан-сезимдин калыптануусуна өбөлгө боло тургандыгы теориялык жактан терен талдоого алынган. Анткени, кыргыз элин жер-суу аталыштары жана оронимдик системаларсыз элестетүү кыйынга турмакчы. Анткени байыркы жер-суу аталыштары жана тоо кыркаларынын аталышы кыргыз элинин кылымдар бою басып өткөн жолун чагылдыруу менен бир катарда эле кыргыз лексикасынын негизин, б. а. ядролук фондун толуктап, кыргыз элинин менталдуулугу менен тыгыз байланыштуу экендиги шек туудурбайт. Жер-суу аталыштары, же болбосо топонимдер экстерриториалдык мүнөзгө ээ болуп, дегеле Евразия аймагындагы байыркы номинативдердин катарын түзө алат. Ошондой топонимдердин тарыхый жактан изилдениши кыргыз топонимиясынын тарыхый катмарларынын терен изилденишине өбөлгө болмокчу. Бир эле учурда топонимдердин географиялык негизин түзгөн өзгөчөлүктөр байыркы лексемалар аркылуу чагылдырылгандыгы шексиз. Ошондуктан аталган макалада топонимдердин тарыхый эволлюциясындагы когнитивдик өзгөчөлүк жана концептуалдык негиз ар тараптан иликтенет.*

***Негизги сөздөр:*** *этимон, топоним, этноним, когнитивдик лингвистика, концепт, этномаданият, концептосфера, когнитив.*

*В данной статье исследователь акцентировал внимание на том, что национальное сознание развивается в гармонии с языком народа, на фоне всестороннего углубленного изучения научного онтологического содержания топонимов на основе лингвопонятийной основы. При этом через топонимы наглядно отражалось мировосприятие народа-носителя языка, теоретически глубоко анализировалось то, что языковая картина каждого региона способствует формированию национального сознания. Ведь кыргызский народ будет сложно представить без топонимов и местных систем. Поскольку древние названия мест и гор и названия горных хребтов отражают путь кыргызов на протяжении веков и составляют основу кыргызской лексики. Нет сомнений, что они дополняют ядро фонда и тесно связаны с менталитетом кыргызского народа. Топонимы, или топонимы, имеют экстерриториальный характер и могут образовывать ряды древних номинативов Евразийского региона. Также историческое изучение топонимов будет способствовать углубленному изучению исторических пластов кыргызской топонимики. В то же время не подлежит сомнению, что характеристики, составляющие географическую основу топонимов, выражены через древние лексемы. Поэтому в данной статье исследуются когнитивная особенность и концептуальная основа в исторической эволюции топонимов.*

***Ключевые слова:*** *этимон, топоним, этноним, когнитивная лингвистика, концепт, этнокультура, концептосфера, когнитив.*

*In this article, the researcher focused on the fact that national consciousness develops in harmony with the language of the people, against the backdrop of a comprehensive in-depth study of the scientific ontological content of toponyms based on a linguistic-conceptual basis. At the same time, the worldview of the native speaker people was clearly reflected through toponyms, and the fact that the linguistic picture of each region contributes to the formation of national consciousness was theoretically deeply analyzed. After all, it will be difficult to imagine the Kyrgyz people without toponyms and local systems. Because the ancient names of places and mountains and the names of mountain ranges reflect the path of the Kyrgyz people over the centuries and form the basis of the Kyrgyz vocabulary. There is no doubt that they complement the core of the fund and are closely related to the mentality of the Kyrgyz people. Toponyms, or toponyms, are of an extraterritorial nature and can form series of ancient nominatives of the Eurasian region. Also, the historical study of toponyms will contribute to an in-depth study of the historical layers of Kyrgyz toponymy. At the same time, there is no doubt that the characteristics that form the geographical basis of toponyms are expressed through ancient lexemes. Therefore, this article explores the cognitive feature and conceptual basis in the historical evolution of place names.*

***Key words:*** *etymon, toponyt, ethnonym, cognitive linguistics, concept, ethnoculture, conceptosphere, cognitive.*

Топонимдердин тарыхтын эң бир ишенимдүү далили боло ала тургандыгы жана кыргыз тилин тереӊ изилдөөдө негизги таяныч, илимий табылга катарында кызмат кыла тургандыгы менен байланышкан. Мына ошондой эле азыркы кыргыз жергесинде жолуккан топонимдер жалпы эле кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн, ошонун ичинде, кыргыз тилинин тарыхына тиешеси бар баалуу фактылардын булагы болуп саналат. Биз изилдөөбүздө азыркы мезгилдин заманбап талабы болгон Кыргызстанда жолуккан кээ бир топонимдердин этимологиясына, структурасына жана маанисине кайрылабыз. Аталган лингвистикалык жана тарыхый мыйзам ченемдүүлүк биздин темабыздын актуалдуулугунун негизи экендигин белгилеп кете алабыз.

Чоң-Алай районунда жашаган жергиликтүү калк жалпы эле түрк урууларына, алардын тилине жакындыгы бар экендиги жана эски түрк тилдик абалынан сакталып калган элементтерди алып жүрө тургандыгы бизге белгилүү болду. Кыргызстан топонимиясынын мындай лингвистикалык уникалдуулугу жалпы эле кыргыз элинин жана тилинин тарыхындагы көз

жаздымда калган маанилүү жактарын айкындамакчы. Мына ушул себептен да өз учурунун белгилүү тилчиси жана тарыхчысы А.Д. Хромов «Топонимия Верхнего Зеравшана» деп аталган эмгегинде алгачкы кылымдарда эле кыргыз уруулары Памир тоо кыркаларын жердегендигин эскерет [1, 64-б.]. Ошондуктан азыркы геосаясаттын шартында жана кыргыз элинин жана тилинин тарыхында орчундуу маселе болгон Чоң-Алай районунун топонимиясы актуалдуу бойдон кала берет. Кыргыз уруулары жалпы эле евразия континентиндеги түпкүлүктүү жана байыркылардан болуп саналат. Ошондой эле кыргыз уруулары башка системадагы тилди алып жүрүүчү элдер менен маданий-экономикалык карым-катнашта болушуп, алардын тилдик маданиятынын өнүгүүсүнө өз таасирин көрсөтө алган. Арийне, тилдик толеранттуулуктун белгиси катарында башка тилдерден кирген, айрыкча, флективдүү тилдерден кирген топонимдерди түрк уруулары кеңири колдонгон. Мындай тарыхый жагдай азыркы Кыргызстандын топонимиясындагы айырмачылыктарга негиз болгон. Белгилүү тарыхчы В.П. Алексеев өз эмгегинде «маданият бир гана экономикалык ишмердүүлүк аркылуу гана берилбестен, лингвистикалык элементтердин таралуусу жана географиялык, диний, социалдык процесстердин эриш аркак өнүгүүсү менен да мүнөздөлөт» - деген пикирин айтат. Албетте кыргыз тилиндеги активдүү топонимдерди монгол жана ислам дини менен байланыштыруу бир жактуу гана кабылдоо болуп саналат. Анткени алтай дооруна тиешелүү болуп саналган көп сандаган топонимдер жана лексемалар уруулардын өз ара карым-катнашы, тилдик маданияты камыр-жумур болуп бир тутумга айлануусун чагылдырат. Ошондуктан кыргыз тилиндеги топонимдерди окуп үйрөнүү, аны илимий жактан жеткиликтүү изилдөө түрк элдеринин мыйзам ченемдүү өнүгүү тарыхындагы маанилүү этап болуп саналат. Чоң-Алай районундагы жалпы тополексемалардын жана конкреттүү жер-суу аттарынын фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык табиятын терен талдоого алуу. Ошондой эле Чоң-Алай районунун топонимиясындагы топоформанттарга негизделген топонимдер жалан гана экономикалык жана диний максаттагы көрүнүш болуп саналбастан, тилдик маданияттын жетишкендиги катарында кароо негиздүү. Бир эле мезгилде түрк тилинде сүйлөгөн өлкөлөрдүн тилдик саясатын бекемдөө жана кыргыз тилин өнүктүрүүгө салым кошуу катарында топонимдердин каталогун түзүү, Кыргызстандагы элдердин ортосундагы тилдик, экономикалын жана маданий байланышты өркүндөтүү.

Ошондой эле Чоң-Алай районунун топонимдеринен биз өзүбүздүн ата-бабаларыбыздын этнотарыхын, философия менен маданиятын, социалдык, мамлекеттик түзүлүшүн жана тилинин калыптанышынын, өнүгүүсүнүн тилдик өзгөчөлүгүн баамдоого мүмкүнчүлүк алабыз. Жалпы топонимдик катмарды мүнөздөгөн топонимдер кыргыз тилинин өнүгүү этабында тыбыштык адаптацияны гана башынан өткөрүп тим болбостон, фонетикалык жактан калыптануусун улунтат. Топонимдердин сырткы тыбыштык оболочкасындагы түрдүү өзгөрүүлөр түрк тилдеринин структуралык ички мыйзамдарына карай ишке ашырылып, грамматикалык жактан таризделген. Мисал үчүн байыркы түрк тилдик абалын чагылдырган активдүү **таг, суг//суу, сай//чай** тополексемалары тилдик чөйрөгө жана ареалдык өзгөчөлүккө жараша колдонулуп, түрдүү варианттарында жолугат. Мисалы, Чоң-Алай районунун түштүгүндө Ак-Булак, Карасуу, Дервиш-Булак, Чыйыр-Булак, Корул д. б. с. жолукса, түндүк тарабында Кашка-Булак, Берк-Суу Кара-Булак Кош-Булак түрүндө арбын жолугат. Жогоруда келтирилген негиздин архетиби, б. а. этимону болуп саналган байыркы түрк тилиндеги суг, жана ***йулаг*** топонимдери азыркы күнгө чейин ички формасын жоготпогон менен тыбыштык жактан олуттуу өзгөрүүлөргө учураган. Мындай тыбыштык жактан болгон алгачкы, же болбосо сырткы өзгөрүүнү түркологдор өз изилдөөлөрүндө кыргыз тили тарабынан арткы тандайчыл ***г*** тыбышынын нейтралдашуусу менен түшүндүрөт. Ошондой эле изилдөөчүнүн оюу боюнча байыркы түрк тилине мүнөздүү болгон ***г*** артчыл үнсүзү мыйзам ченемдүү фонетикалык көрүнүш болуп саналгандыктан, кала берсе сөз курамынын бардык позицияларында адаптацияга учурайт. Мисалы, ***саан <сагын; жаан<жагын; суу<суг*** ж. б. Ошол эле учурда Чоң-Алай районунун топонимиясында азыркы күнгө дейре өз активдүүлүгүн сактаган суу топонимин кыргыз топопнимиясындагы сай топониминин синоними катарында жолуктурабыз.

Чоң-Алай району географиялык жактан кыргыз элинин жана тилинин калыптануу чөлкөмү болуп саналган Памир тоолорунун ички зонасына жакын жайланышкан. Ошондой эле Чоң-Алай районунун азыркы админстративдик чөлкөмүндө өтө байыркы мезгилден тартып эле тили маданияты гүлдөп өнүккөн уруулар жашагандыгы тарыхый жактан такталган десек жаңылбайбыз.

Биздин оюбузча Чоң-Алай районунун азыркы ээлеген чөлкөмүндө сактар гана эмес түрк тилинде сүйлөгөн уруулар деле байыркы болуп саналышкан. Бул көз карашка Чоң-Алай районунунда жолуккан байыркы түрк тилине таандык болгон топонимдер далил болот деп ишенебиз. Анткени Чон-Алай районунда байыркы түрк тилине тиешелүү болгон катмарда тыбыштык жактан өзгөрүүгө учураган топонимдер абдан арбын учурайт. Бул топонимдердин архетибин аныктоо үчүн биз салыштырма-тарыхый жана реконструкциялоо ыкмаларына кайрылдык.

Байыркы түрк катмарынан кийин катмар кыргыз катмары болуп эсептелет. Мындай көрүнүш Чоң-Алай

районунда байыркы мезгилден тартып эле кыргыздар түпкүлүктүү эл катары жашап келгендигинин күбөсү болуп саналат. Кыргыз тилдик катмарына тиешелүү болгон топонимдер ички жана сырткы формаларын мезгилдин өтүшүнө карабай сактаган жана семантикалык жылышууларга кабылган эмес [2, 150-б.].

Аз санда болсо деле монгол тилине тиешелүү болгон катмарды да жолуктурабыз. Монгол тилинде сүйлөгөн элдер менен кыргыз урууларынын мурдагы кылымдарда бирге жашагандыгыны жана социалдык, экономикалык тыгыз байланышыны далили катары монгол тилине тиешелүү болгон топонимдер Чоң-Алай районунун топонимиясында да жакшы сакталган.

Кыргыздардын араб тилинде сүйлөгөн элдер менен жанаша жашагандыгы бизге белгисиз болсо деле Араб Халифатынын VII-VIII кылымдарда Орто Азияда жашаган түрк уруларына карат жүргүзгөн саясатынын натыйжасында жалпы эле кыргыз тилинде анаын ичинде Чоң-Алай районунун топонимиясында араб тилинен кирген диний түшүнөктөргө байланыштуу пайда болгон жер-суу аттары өзүнчө орунду ээлейт.

Тил катмарларынын хронологиялык тартибинде эн үстүнкү деңгээлди ээлеген орус катмары эң жаш жана ачык бөлүнүп турган катмарлардан болуп саналат. Орус катмары советтер бийлиги орногонго чейин эле Чоң-Алай районундагы эл жашаган чөлкөмдөрдө пайда болгон. Бирок орус катмарынын сандык жана сапаттык жактан өсүшүнө коммунисттердин советтер өлкөсүндө жүргүзгөн тилдик саясаты өз таасирин тийгизген.

Биз үчүн топонимдердин тилдик материалдары өзгөчө баалуу. Ошондуктан аларды когнитивдик багытта изилдөө муктаждыгы жана анын актуалдуулугу да ушул маселеге тикеден тике байланыштуу. Кыргызстандын бардык аймактарындагы тилдик өзгөчөлүктөр Чоң-Алай районунун топонимиясында кенири орун алган [8, 22-б.]. Бул жагдай да кыргыз тилинин тарыхый жактан өнүгүшүнө Чоң-Алай районунун топонимиясынын тикеден-тике тиешеси бар экендигинен кабар берет.

Мурзаевдин «Апелятивы в топонимах средней Азии. // Ономастика Средней Азии. - Фрунзе, 1980» аттуу макаласынын чыгышы менен Кыргызстандын топонимиясын изилдөө башталган деп айтсак болот. Ал мындай деген: «географиялык терминдерде кыргыздардын тарыхы, анын башка тилдер менен, түрк, монгол тилдери менен байланышы берилет. Кыргыздар тили менен кошо Сибир жана Монголиядан кызыктуу географиялык терминдерди алып келишкен, ал аталыштар башка жерлерде кездешпейт. Ал аталыштар Алтай, Чыгыш Сибир, Монгол элдерине таандык» [3, 309-б.]. Окумуштуунун айткандары Кыргызстан топонимиясына да тиешелүү. В.В. Бартольддун билдирүүсүнө караганда ареалдык топонимия чыгыш менен батышты соода-сатык гана эмес маданий жактан да байланыштыра алган Улуу Жибек жолунун аталган чөлкөм аркылуу өтүшү менен шартталган. Мисалы, **Дара, Дароот-Коргон, Кызыл-Дөбө, Сандык, Сары-Таш, Кара-Шыбак** ж. б. Топонимдер составдык курамы боюнча тарыхый доорду чагылдырган жер-суу аталыштары экендигинде шек жок. Мындай жагымдуу шарт бир кыргыз элинин жана анын тилинин өнүгүүсү үчүн жагымдуу жагдайды түзгөн, элдердин өз ара карым катнашын кылымдар бою жандандырган. Кыргыз элинин байыркы согдулар менен болгон социалдык жана тилдик жактан байланышы жөнүндө кыргыздын көрүнүктүү окумуштуусу Б.М. Юнусалиев өз убагында ишенимдүү түрдө айткан. Ала турган болсок, **Кызылбакыр, Чор-Таш, Даркан, Дара, Опкон, Кара-Дарыя** сыяктуу аталыштар кыргыз уруулары менен согдулардын көп кылымдык алакасын чагылдырган тилдик фактылар. С.М. Абрамзон жалпы эле Борбордук Азияда кыргыз эли негизги этникалык компонент болуп саналарын белгилөө менен бирге кыргыз тилинин башка тилдер менен болгон байланышын, айрыкча, Кыргызстандын чегинде тилдик ареалдын пайда болуу негиздерин биздин доордун алгачкы кылымдарына алып барат. Ала турган болсок окумуштуу төмөнкүдөй баяндайт: «Не ослабевающий интерес к этнической истории киргизов вызван также той своеобразной ролью, которую играли предки современных киргизов в исторических судьбах целого ряда народов и племен древности и средневековья. Наконец, эта проблема привлекала и привлекает к себе внимание исследователей не в последнюю очередь и тем, что до недавного времени наука не располагала достоверными источниками, которые позволили бы поставить решение многих вопросов на твердую почву фактов» [4, 479-б.]. Албетте, окумуштуу атаган кыртыш топонимдер экендигин эсибизден чыгарбообуз керек.

Албетте, илимий доктринанын схоластикалык ой жорумдан айырмасы, эң алгач, айныксыз чындык аргументине жана объективдүү тарыхый фактыга таянгандыгында турат. Ошондуктан жазуу жүзүндө жалпы эле согдиана маданий очогу катарында бактрия маданияты менен тен жашаган чөлкөмдүн аталышы катарында Ашот барельефинде (таш бетине чегилген) жазууларда азыркы ***Чоң-Алай-Памир*** тоо кыркаларына перс падышасы Кирдин жүрүш жасагандыгы жана жергиликтүү уруулар менен болгон кагылышууда курман болгондугу айтылган. Ошондуктан жалпы эле лингвистикадагы концептуалдык негиздин калыптануусу адам баласынын когнитивдик ой-туюму жана дүйнө кабылдоосу менен эриш аркак өнүгүүдө болгон деп бүтүм чыгарууга болот. Анткени жер шарын планетардык формасын илимий доктрина жана мейкиндикти төрт компоненттүү концепт катарында (***чыгыш → батыш = түштүк ↔ түндүк***) кабылдоо кыргыз

оронимиясынын «***терскей ↔ күнгөй***» атрибутивдик компенттик түзүлүшүнүн концептуалдык негизи экендигин айта кетүү ашыктык кылбайт.

Ал эми кыргыз географиялык лингвистикасындагы байыркы лингвоконцептуалдык бирдик катарында араб окумуштууларынын атласынан белгилүү болгон ***Алай*** тоо кыркалырынын ороним катарында ***Йулдуз*** деп аталышы белгилүү тарыхчылар В. Бартольд жана А.Н. Бернштам тарабынан да белгиленген [5, 608-б.]. Анткени кыргыз лингвоконцептуалдык алкагында мейкиндиктеги ориент катарында туруктуу константанын космикалык алкагынын лингвистикалык концепт катарында жылдыз (йулдуз) космоними берилиши кыргыз оронимиясындагы Чоң-Алай тоо кыркаларынын ядролук ордун көрсөтөт.

Байыркы Грецияда биздин доорго чейинки 427-347-жылдары жашап өткөн ойчул Платон өзүнүн тилдин онтологиясына багытталган «Кратиль» аттуу эмгегинде аталыштын келип чыгышын, дегеле сөздөрдүн коомдун практикалык турмушундагы ордун алардын чындык дүйнөнү, айлана чөйрөнү чагылдыруусун номинатив жана чындык сегменттеринин ортосундагы табигый байланыш бар же жок экендигин аныктоо менен байланыштырышкан. Аталган окумуштуунун эмгегинде примитивдүү түрдө болсо да объективдүү дүйнөнүн, денотативдик негиздин тилге тийгизген таасири аныкталуу менен бирге, У. Чейф тарабынан белгиленгендей, бир тарабынан аналогиктер, ал эми экинчи тарабынан анималистердин ортосундагы лингвистикалык диалог азыркы күндө деле өз жашоосун токтотпой келе жаткансыйт. Демек адам баласынын күнүмдүк турмушундагы интеллектуалдык өнүгүүнүн жана экстралингвистикалык фактордун (топлуу ландшафт) лингвистикалык менталитеттин пайда болуусуна болгон олуттуу таасири лингвистикалык ой-туюмдун топонимикалык формасынын пайда болуусуна кыртыш катары кызмат кылган деген жыйынтыкка келүүгө болор эле. Анткени ***улуг//олог → алай*** адъективитинин денотативдик негизи болгон Памир-Алай тоо кыркаларынын этностун лингвистикалык менталдуулугунун калыптануусуна тийгизген таасири алай оронимининин семантикалык структурасында кошумча «мекен → улуттук локалдуулук → чөлкөм» семалары менен толукталуусуна алып келген. Арийне гректердин традициялык окуусу азыркы күнгө чейин өзгөрүүсүз сакталган планетардык онимдер системасы, б. а. космонимиянын негизи болгондугун тана албайбыз. Анткени Аполлон, Плутон жана Юпитер, ошондой эле Олимп ороними, Рим, Вавилон, Дари сыяктуу урбонимдер адам баласынын лингвистикалык концептинин жана материалдык дүйнөнүн ортосундагы лингвокогнитивдик көпүрөнүн кызматын аткаргандыгын азыркы күндөгү концептуалдык лингвистиканын жетишкендиктери менен илимий түрдө далилденди. Ал эми грек окумуштуулары географиялык лингвистиканы гана чыныгы тилдик материал катарында талдоого алуу менен, топонимдерди тилдик өнүгүүнүн табигый пунктары катары түшүндүрүшкөн. Албетте биздин илимий изилдөөбүзгө үндөш болгон айрым байыркы катмарга тиешелүү болгон топоформанттардын этимону жана прототиптери Птолемейдин картасында жолугат. Анткени, Д.Хромов өзүнүн изилдөөлөрүндө жалпы Алай тоо кыркаларынын системасынын жана семантикалык ядронун составына кирүүчү гидронимдер санскрит тилинин архетиптеринен келип чыккандыгын далилдеген (**курт, руд**). Арийне, мына ошол себептен да америкалык лингвист У. Чейф өзүнүн эмгектеринде тилдик аң-сезимдин өнүгүүсү географиялык лингвистиканын өнүгүүсү менен карым катышка боло тургандыгына олуттуу маани бергендигине күбө болобуз. Аталган окумуштуу тилдин тарыхында ***прототип*** (протоязык) катарында кабылдануучу ***бабатилдик*** формасы (праязыковая форма) чөлкөмдүк мүнөзгө ээ экендигин жана географиялык лингвистиканын алкагында тынымсыз динамикалык процесс катарында болуп туруучу өзгөрүүлөр тилдик түзүлүштүн мыйзам ченемдүү эволюциясын чагылдыра тургандыгын баса белгилеген. Ал эми младограмматикалык агымдын негиздөөчүсү катарында тил таануу илиминин илимий-теориялык багытын түп тамырынан бери жаңы перспективалык нукка салган Г. Пауль гидронимдердин салыштырмалуу туруктуулугун жана семантикалык варианттуулугун фонологиянын өнүгүүсүндөгү бирден-бир кыртыш катарында талдаган деп айтууга толук акылуубуз. Ошондой В. Гумбольдттун пессимисттик идея катарында таанылган жоболорун четке кагууда младограмматиктердин ана башы болуп саналган Г. Пауль тарыхый-географиялык лингвистикага кадам таштаган. Анткени аталган окумуштуу ар бир тилдик бирдиктин системага кирүүсү тарыхый контсанталар аркылуу гана иш жүзүнө ашат деген терен ишенимде болгондугу бизге белгилүү. Эң эле негизгиси азыркы Чоң-Алай топонимиясында жолуккан архетиптик форма (***роут***) аталган окумуштуу тарабынан негизги аргумент катарында талданганын Н.Джапаров белгилейт.

Тарыхый географиялык лингвистиканыны элементардык системасы боюнча жана онтологиялык негизге ээ болгон илимий туруктуу тармак катарында, илимий лингвистиканын негизи катарында Фердинанд де Соссюр тарбынан негиздүү жоболор иштелип чыккан. Ошондой эле биз жогоруда келтириген географиялык лингвистиканыны негизи болгон тополексемаларга болгон алгачкы илимий талдоолор азыркы Чон-Алай топонимиясынын катмарындагы байыркы катмарга тикеден тике тиешеси бар экендигинде талаш жок деп билебиз.Ошондой эле XIX кылымдын

экинчи жарымында дүйнөлүк лингвистикада тилдердин географиялык мейкиндигин изилдөө жакшы жолго коюлгандыгын белгилөөгө болор эле. Бир эле учурда Ф. де Соссюр, Г. Пауль жана У. Чейф сыяктуу алдыңкы окумуштуулар автохтондордун тили жөнүндө үстүртөн болсо деле алгачкы салыштырууларды илимий коомчулуктун назарына тартуулай башташкан эле. Ошондой эле белгилүү бир чөлкөмдө отурукташкан жана тарыхый жактан өнүгүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон элдердин эне тилдик кыртышына басып алуучулардын (язык завоевателей) тийгизген олуттуу таасирин жана тарыхый лингвистика географиялык мейкиндиктин тилдик фактыларына негизделе тургандыгын белгилешкен. Дал мына ушундай объективдүү шарттар байыркы илимпоздордун алдына географиялык лингвистиканы тарыхый мерчемден кароо зарылдыгын койгон. Тарыхый лингвистиканын негизги базасы катарында биринчи кезекте географиялык тил таануунун реалдуу өлчөмү жана бирдиги катарында күн тартибине жалпы эле ономастиканын маслелеси катарында топонимдер коюлган.

**Адабияттар:**


1. Хромов А.Л. Историко-лингвистическое исследование Ягноба и Верхнего Зеравшана. // Автореферат диссертации д.ф.н. - Душанбе, 1970. - С. 64.
2. Сыдыков С. Кара деген создун семантикасы жонундо// Тюркологические исследования. – Фрунзе, 1983. - С. 150.
3. Мурзаев Э.М. Апелятивы в топонимах средней Азии// Ономастика Средней Азии. – Ф., 1980. - С. 309.
4. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Ф., 1990. - С. 479.
5. Бартольд В.В. Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. -Б., 1996. - С. 608.
6. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана I. - Б., 1997. - С. 560.
7. Исаев Д.И. Жер суу аттарынын сыры. - Ф., 1977.
8. Конкобаев К. Топонимы южной Киргизии. - Ф., 1980.
9. Мурзаев Э.М. Апелятивы в топонимах средней Азии// Ономастика Средней Азии. – Ф., 1980. - С. 309.
10. Суперанская А.В. Эволюция взглядов на имя собственное в науке о языке // Развитие методов топонимических исследований. – Москва, 1970. - С. 39-46.
11. Умурзаков С. Топонимические заметки// Кыргыз терминалогиясынын маселелери. – Ф., 1971. - С. 69.
12. Юнусалиев Б.М. Киргизская лексикология. Ч. 1. – Ф., 1959.